КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

КЫДЫР АКЕ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КЫДЫР АКЕ

II чакырылышы

# ТОКТОМ

25.09.2025 № 93 Ак-Суу айылы

## Кыдыр Аке айыл аймагынын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлери үчүн зоналык коэффициентти Кз белгилөө жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 404-беренесинин 4-5-пункттарына ылайык айылдык кеңештин бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын протоколунун негизинде айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кыдыр Аке айыл аймагындагы айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн нарктык зоналарынын чектери өзгөргөндүгүнө байланыштуу зоналык коэффициент Кз төмөндөгүдөй белгиленсин:

| Зона | Нарк зонанын баяндалып жазылышы | Өлчөмү |
|---|---|---|
| №1 зона Ак-Суу айылы: Кыдыр Аке көчөсү толугу менен, Ленин көчөсү - Пионерский көчөсүнөн Спортивный көчөсүнө чейин, Пушкин көчөсүнөн Пионерский көчөсүнө чейин узунунан жана туурасынан жайгашкан бардык көчөлөр (Кыргызстанга 50 жыл, Посмитный, Урманаев, Жаныбеков, Архитектурный, Чкалов, Октябрьский, Шапак баатыр, Дзержинский, Сыдыкбеков, Подгорный, Боронбай хан, Элебаев, Красноармейский, Восточный, Пушкин, Горький, Молодежный, Садовый, Пионерский), ошондой эле эс алуучу жана ден соолукту чыңдоочу жайлары үчүн | Кыдыр Аке а/а жерлери жана айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн | 2,0 |
| №1 зона Кереге-Таш айылы: Кыдыр Аке жана Өмүраалы көчөлөрү | | 2,0 |
| №1 зона Сары-Камыш айылы: Жоомартова көчөсү | | 2,0 |
| №1 зона Ново-Константиновка айылы: Чон Жергез көчөсү | | 2,0 |
| №2 зона: Айыл аймак боюнча №1 зонадан сырткары жайгашкан жерлер жана кашарлар.<br>Пионер жана Кайырма-Арык айылдары | | 1,8 |

2. Бул токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

Төрага Б.С.Акунов